**№1 Экономикалык изилдөөлөр борбору**

**2015**

# ИЛИМИЙ ЭМГЕК

# Бишкек шаарынын лицензияланган алмашуу бюролорунун ишин изилдөө

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

**2015**

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Экономикалык изилдөөлөр борбору
УДК 001.891.3:338.486.1.025.3:339.375.8(575.2-25)

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын илимий эмгеги**

Бишкек шаарынын лицензияланган алмашуу бюролорунун ишин изилдөө

**Чоро Сейитов жана Акылай Муктарбек кызы тарабынан иштелип чыккан[1]**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Илимий-эксперттик кеңеши тарабынан жактырылган

2015-жылдын 24-июну

**Бул эмгекте баяндалган көз караш толугу менен авторлорго таандык жана милдеттүү түрдө Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын көз карашы болуп саналбайт.**

**Кыскача маалымат**

Бул иште, лицензияланган алмашуу бюролорунун ишине талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүгө карата методологиялык ыкмалар, алмашуу бюролорунун иш натыйжалуулугунун жыйынтыктары, контролдукка алуу ыкмаларын өзгөртүү жана алмашуу бюролорунун отчетторду сунуштоосу боюнча сунуштар берилген.

JEL: B49, C12, F31, G21, M41

Негизги сөздөр: Улуттук банк, финансылык ишкердик, көмүскө ишкердик, иликтөө ыкмалары.

Бул эмгек боюнча маалымат алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылыңыздар болот:
720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 7.
телефон: +996 (312) 45-64-28; +996 (312) 45-53-09
факс: +996 (312) 61-07-30
e-mail: tseyitov@nbkr.kg; akylay@gmail.com
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Экономикалык изилдөөлөр борбору

[1] Чоро Сейитов – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Экономикалык изилдөөлөр борборунун эксперти; Акылай Муктарбек кызы – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Экономикалык изилдөөлөр борборунун консультанты.

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ** .......................................................... **4**

**АДАБИЯТТАРДЫ КАРООГО АЛУУ** .......................................................... **5**

**ИЗИЛДӨӨ ЖҮРГҮЗҮҮ МЕТОДОЛОГИЯСЫ** .......................................................... **6**

**МААЛЫМАТТАРГА ТАЛДОО ИШИН ЖҮРГҮЗҮҮ** .......................................................... **8**

**САРПТООЛОРДУ АНЫКТОО ЫКМАСЫ** .......................................................... **9**

**ТЫЯНАКТАР** .......................................................... **12**

**СУНУШ-КӨРСӨТМӨЛӨР** .......................................................... **13**

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕГИ** .......................................................... **14**

**ТИРКЕМЕ** .......................................................... **15**

## КИРИШҮҮ

Баа берүүлөр боюнча Кыргыз Республикасында көмүскө экономика өлчөмү олуттуу көлөмгө жеткен, бул өлкө экономикасынын айкын көлөмүн аныктоодо кыйынчылыктарды жаратат. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (мындан ары – УСК) маалыматы боюнча 2014-жылы экономиканын байкоого алынбаган үлүшү өлкөнүн ички дүн өнүмдүн (ИДӨ) 19,9 пайызын түзгөн[2]. Атап айтканда, чет өлкө валютасын алмаштыруу менен алектенген ишкердик субъекттеринин акча каражаттарын көмүскө жүгүртүүсү олуттуу кыйынчылыктарды жаратууда.

2015-жылдын 1-январына карата республиканын аймагында Улуттук банк тарабынан лицензияланган 309 жана лицензияланбаган[3] 300гө жакын алмашуу бюросу иш алып барган. Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролорунун ишине жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча лицензияланган алмашуу бюролорунда валюта жүгүртүү көлөмүнүн төмөндөгөндүгү, касса талаптарынын сакталбагандыгы, касса машинкаларынын пайдаланылбагандыгы байкалып, ушундан улам текшерүүнү жүргүзүүгө каршылык көрсөтүүлөр катталган. Алсак, текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча бир катар лицензияланган алмашуу бюролорунда улуттук жана чет өлкө валютасындагы келип чыгуу булагы белгисиз болгон, эсепке алынбаган нак акча каражаттары табылган.

**2014-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын алмашуу бюролорунун жүгүртүүсү 97 млрд сом чегинде катталган. Улуттук банктын маалыматы боюнча бюджетке төлөнгөн салыктардын (милдеттүү патент) суммасы 36,6 млн сомду түзүүгө тийиш эле, ал эми Мамлекеттик салык кызматынын маалыматына ылайык ал 24,4 млн сомду түзгөн.**

Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасын алмаштыруу рыногунда атаандаштык кыйла жогору. Республика боюнча чет өлкө валютасын сатуу жана сатып алуу кызматтарын алмашуу бюролорунан тышкары 1 000ден ашуун филиалдарга, аманат кассаларына, көчмө кассаларга, алмашуу пункттарга ээ 23 коммерциялык банк сунуштайт. Мындан тышкары, валютаны алмаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү олуттуу сандагы микрофинансылык компаниялар (1 адистештирилген финансы-кредит мекемеси, 5 микрофинансылык компания, 114 микрокредиттик компания, 59 микрокредиттик агенттик, 127 кредиттик союз) сунушташат.

Алмашуу курсу кескин өзгөрүүгө дуушар болгон учурда калк арасында, жалпыга маалымдоо каражаттарында, көзөмөл органдарында алмашуу бюролорунун иши боюнча ар тараптуу ой-пикирлер жаралат. Бирок, азырынча алмашуу бюролорунун жалпы ишине тиешелүү бир да эмпирикалык иш жүргүзүлгөн эмес.

Алмашуу бюролорунун жүгүртүүсүнө талдап-иликтөөлөр төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

- алмашуу бюролору тарабынан бузууларга жол берилген шартта;
- алардын айкын жүгүртүү көлөмү тууралуу маалыматтар катталбаса;
- Улуттук банк өз позициясын илимий көз карашка негизденген ыкмалардын, ошондой эле валюта саясатын, банктык жана банктык эмес көзөмөлдүктү жүргүзүүдө

[2] Атап айтканда, Хасанов Р. (2012) көмүскө экономика өлчөмү ИДӨгө карата 39,0 пайызды түзгөндүгүн маалымдаган.

[3] Улуттук банктын маалыматы боюнча.

кабыл алынган чечимдердин жардамы аркасында далилдөө зарылчылыгы келип чыккан учурда;

- лицензияланган алмашуу бюролорунун алмашуу операцияларына баа берүү методологиясы иштелип чыкпаса;
- коом арасында алмашуу бюролорунун ишине кызыгуу жаралса.

Бул иште изилдөөгө алынган ***объект*** катары Бишкек шаарынын Улуттук банкка отчет сунуштаган лицензияланган алмашуу бюролорунун иши кароого алынган. Ал эми изилдөө ***предмети*** катары лицензияланган алмашуу бюролорунун алмашуу операцияларын эсепке алуу. Бишкек шаарынын лицензияланган алмашуу бюролорунун ишинде көмүскө жүгүртүүнү аныктоо бул эмгектин ***максаты*** болуп саналат.

Алдыга коюлган максаттарга ылайык төмөнкүдөй ***милдеттер*** белгиленген:

- формалдуу эмес финансылык (атап айтканда, валюталык) операциялар жана алмашуу бюролорунун ишине тиешелүү маалымат камтылган адабияттарга талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү;
- Бишкек шаарынын алмашуу бюролорунун ишине изилдөөлөрдү жүргүзүү инструменттерин иштеп чыгуу;
- эксперттерден алынган интервьюга жана алмашуу бюролорунун отчеттук маалыматтарына талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү;
- алмашуу бюролорунун иши боюнча сунуштарды жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу.

Бул эмгектин жыйынтыктары, лицензияланган алмашуу бюролору чет өлкө валютасын сатуунун айкын көлөмүн жаап-жашыргандыгы ***гипотезасын*** тастыктоого тийиш.

## АДАБИЯТТАРДЫ КАРООГО АЛУУ

Кыргыз Республикасындагы көмүскө секторлорду изилдөөгө алган адабияттарда (Ибрагимова Ш. ж.б., 2012; Хасанов Р., 2012), сапаттык (интервью алуу) сыяктуу эле, сандык (анкета жүргүзүү, экономикалык модель түзүү) изилдөө ыкмаларын пайдалануу зарыл экендиги белгиленген. Азыркы учурда алмашуу бюролорунун көмүскө жүгүртүүсүн аныктоо жагында колдонулуп жаткан ыкма катары Байкоого алынбаган экономика көлөмүнө баа берүү боюнча методологиялык жобо саналат (УСК, 2009). Алмашуу бюролорунун байкоого алынбаган көлөмүн эсептөөдө УСКга отчет сунуштаган үч алмашуу бюросунун баштапкы маалыматтары пайдаланылат. Алмашуу бюролорунун операциялар көлөмү тууралуу маалымат мындан ары бардык башкы жыйынтыктарга таркатылат. Улуттук статистика комитети тарабынан алынган жыйынтыктар айкын маалыматты чагылдырбайт жана алар чечимдерди кабыл алууда пайдаланылууга тийиш эмес.

Көмүскө финансылык операциялар боюнча чет өлкө адабияттарында (Grosse, 1994; Dornbush et al., 1983; Jianping, 1998), валюта рыногунун көмүскө жүгүртүүсүн аныктоо максатында изилдөөлөр жүргүзүлгөн өлкөлөр (Бразилия, Кытай, Ямайка) жана Кыргызстан ортосунда төмөнкүдөй айырмачылыктар белгиленген:

а) валюта алмаштырган ортомчулардын көмүскө жүгүртүүсүнө эсептөөлөр жүргүзүлгөн өлкөлөрдө долларлаштыруу ишке ашырылбагандыгы катталган же болбосо ал төмөн деңгээлде гана катталган (калк өз жыйымдарынын олуттуу бөлүгүн жергиликтүү

валютада сактап, ири сатып алуулар да жергиликтүү валютада ишке ашырылган), бул валютага суроо-талапка изилдөөлөрдү жүргүзүүнү шарттабайт;

б) валюта алмаштыруу көлөмүнө чектөөлөр белгиленгендиктен ортомчулардын көбү валютаны көмүскө алмаштырууга барышкан;

в) чектөөлөр белгиленип, көмүскө алмаштыруу жүзөгө ашырылгандыктан, “катар рынокто” валюта курсу расмий курстан жогору болгон;

г) көмүскө экономикага талдап-иликтөөлөр акчага суроо-талап ыкмасын колдонуу менен ишке ашырылган (Cagan, 1958, Tanzi, 1980, 1983). Бул учурда, өлкөдөгү чет өлкө валютасына суроо-талап менен сунуш ортосундагы айырманын пайдаланылышы ыкманын негизин түзөт, ал эми ашыкча суроо-талап көмүскө рынок менен камсыздалган катары болжолдонгон.

## ИЗИЛДӨӨ ЖҮРГҮЗҮҮ МЕТОДОЛОГИЯСЫ

Иликтөөнүн жүрүшүндө объектти изилдөөнүн сапаттык жана сандык ***ыкмаларын*** колдонуу болжолдонгон.

Алдыга коюлган изилдөө максаттарын жана милдеттерин эске алуу менен төмөнкү ыкмаларды колдонуу чечими кабыл алынган:

*1. Комплекстүү ыкма.* Бул алмашуу бюролорунун ишине талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү ыкмасында төмөнкүлөр камтылат:

- терең жана эксперттик интервью алуу;
- хронометраж;
- алмашуу бюролорунун ишин байкоого алуу;
- алмашуу бюролорунун кызматкерлеринен интервью алуу жана алардын арасында сурамжылоо ишин жүргүзүү;
- алмашуу бюролорунун отчетторуна талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү.

Комплекстүү ыкма лицензияланган алмашуу бюролорунун көмүскө ишкердиги тууралуу объективдүү маалымат берүүгө мүмкүндүк берет. Улуттук банктын, коммерциялык банктардын жана алмашуу бюролорунун өкүлдөрүнөн алынган интервьюнун жыйынтыгында Бишкек шаарынын алмашуу бюролорунун кызматкерлери үчүн анкета даярдалган. Анкетанын жүрүшүндө алынган алмашуу операциялары жөнүндө маалыматты отчеттук маалыматтар менен салыштырып текшерүү болжолдонуп, ал эми отчеттук жана топтолгон маалыматтар ортосундагы айырма көмүскө сатылган валюта катары кароого алынмак. Отчеттук маалыматтар менен бирге алар Бишкек шаарында сатылган чет өлкө валютасынын толук өлчөмүн чагылдырмак (1.1).

$$C^{РЕАЛ} = \sum_{i=1}^{n} C^{ОТЧ} + \left(\sum_{i=1}^{n} C^{АНК} - \sum_{i=1}^{n} C^{ОТЧ}\right),\ C^{АНК} \geq 0 \qquad (1.1)$$

мында,

$C^{РЕАЛ}$ – айкын сатылган чет өлкө валютасы, сом менен;

$C^{ОТЧ}$ – отчеттук маалыматтардын негизинде, сатылган чет өлкө валюта көлөмү, сом менен;

$C^{АНК}$ – анкетада чагылдырылган маалыматтардын негизинде, сатылган чет өлкө валюта көлөмү, сом менен [4].

[4] Мында анкета маалыматтары отчеттук маалыматтардан жогору же ага барабар болууга тийиш.

*2. Эксперттик ыкма.* Сатылган чет өлкө валютасынын айкын көлөмү кошумча баа берүү коэффициентинин негизинде аныкталат, анын мааниси дал ушул эксперттик ыкма аркылуу аныкталат. Алсак, эксперттерден алынган интервьюнун жыйынтыгы боюнча алмашуу бюролорунун Алмашуу операцияларын каттоо журналында валюта алмаштыруунун айкын көлөмүнүн 10-20 пайызы гана чагылдырылаары табылган. Ушундан улам, *i*- алмашуу бюросунун валютаны потенциалдуу сатуусун аныктоо боюнча төмөнкүдөй теңдеме иштелип чыккан:

$$C^{РЕАЛ} = \sum_{i=1}^{n} C^{ОТЧ} * \Delta \tag{2.1}$$

мында,

$\Delta$ – чет өлкө валютасын сатууга кошумча баа берүү коэффициенти (жүгүртүүнүн 20 пайызы чагылдырылган учурда *k*=5; жүгүртүүнүн 10 пайызы чагылдырылган учурда *k*=10).

*3. Сарптоолорду аныктоо ыкмасы.* *i*- алмашуу бюросуна ай сайын төмөнкү чыгашаларды талап кылган минималдуу сумма зарыл:

- патенттин баасы;
- алмашуу бюросу үчүн ижарага жай алуу;
- алмашуу бюросунун кызматкерлеринин эмгегине төлөө;
- турак-жай коммуналдык чарба кызматтары үчүн төлөө;
- башка чыгашалар.

$$C_j = \sum_{k=1}^{n} C_k \tag{3.1}$$

$C_j$ – *j*- районундагы бир алмашуу бюросунун жалпы чыгашасы;

*k* – алмашуу бюросунун чыгашаларынын *k*- статьясы.

Алмашуу бюросунун кирешесинин көлөмү сатылган валюта бирдигинен маржа өлчөмүнө көбөйтүлгөн, сатылып жаткан *m*- чет өлкө валютасынын көлөмү катары аныкталат (3.2).

$$R = V^{s}_{i,j,m} * \pi_{i,j,m} \tag{3.2}$$

*R* – *j*- районундагы *i*- алмашуу бюросунун сатуудан түшкөн кирешеси;

*V* – *j*- районундагы *i*- алмашуу бюросу тарабынан сатылган *m*- валютасынын саны;

$\pi$ – *j*- районундагы *i*- алмашуу бюросу *m*- валютасынын маржа өлчөмү.

Алсак, алмашуу бюросунун сатылган чет өлкө валютасынын айкын көлөмүн жашыргандыгынын белгилери катары төмөнкүлөр саналат:

- календардык жылдын бир нече же 2-3 айы ичинде алмашуу бюросунун чыгашалары киреше көлөмүнөн артып кеткен (башкача айтканда "шарттуу чыгашалуулук"[5]);

- календардык жылдын бир нече же 2-3 айы ичинде алмашуу бюросунун чыгашалары киреше көлөмүнө барабар болсо (иш натыйжасы нөл).

$$C \le R \tag{3.3}$$

[5] Алмашуу бюросунун чыгым тарткандыгына карабастан өз ишин улантуусу алмашуу бюросунун шарттуу чыгашалуулугу катары каралат. Чыгымдын орун алышы жана өлчөмү 3.3 жана 3.4-теңдеме аркылуу аныкталат.

Сарптоолорду аныктоо ыкмасынын өзгөчөлүгү анын чыгым тартпоонун шарттуу белгисин гана көрсөткөндүгүндө. Буга аз сандагы чет өлкө валютасын, алмашуу бюросунун жалпы сарптоолорунун ордун жаба алган белгилүү бир маржа өлчөмүндө сатуу аркылуу жетишүүгө болот. Чет өлкө валютасын сатуунун шарттуу минималдуу мааниси сарптоолор менен кирешелер тең калыптанган катары аныкталат:

$$C = R \tag{3.4}$$

### МААЛЫМАТТАРГА ТАЛДОО ИШИН ЖҮРГҮЗҮҮ

Алмашуу бюролорунун ишине талдап-иликтөөлөрдү жүзөгө ашыруу (N=243) аларды райондорго бөлүү ишинен башталган. Салык чендерине ылайык Бишкек шаары[6] төрт районго бөлүнгөн (1-сүрөт).

Маалыматтарды талдоо ишин жүргүзүү үчүн Бишкек шаарынын лицензияланган алмашуу бюролорунун 2013-2014-жылдар үчүн отчеттору алынган. Бул мезгил ичинде бир катар алмашуу бюролору акча каражаттарын жүгүртүү ишке ашырылбагындыгын, ишкердиктин убактылуу жана/же такыр токтоп калгандыгын көрсөткөн[7].

Изилдөө ишинин релеванттык ыкмасы катары, өзүндө сандык жана сапаттык ыкмаларды пайдаланууну камтыган комплекстүү ыкма тандалып алынган.

***<u>1-сүрөт.</u>***

Бишкек шаарынын алмашуу бюролорун райондорго бөлүү схемасы




Алсак, Улуттук банктын, коммерциялык банктардын жана алмашуу бюролорунун кызматкерлеринен алынган интервьюга ылайык:

- бир катар банктар алмашуу курсун белгилөөдө Ю.Абдрахманов атындагы көчө менен Москва жана Ж.Бөкөнбаев атындагы көчөлөрүнүн кесилишинде (мындан ары – “Моссовет”) жайгашкан алмашуу бюролорунун курстарына таянышат;

---

[6] Алмашуу бюролорунун кызмат көрсөтүүлөрүнө милдеттүү патенттин негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 28-январындагы №58 токтому менен бекитилген салык чендери (өлчөмү).

[7] Ошого карабастан, мындай алмашуу бюролорунун иши кароого алынган.

- алмашуу бюролору банктарга салыштырмалуу өз ишин ыкчам жана тез аткарышат;

- Бишкек шаарында алмашуу операциялары регионалдык топтор – Талас, Нарын жана Ош областтарынын өкүлдөрү тарабынан контролдукка алынат[8];

- алмашуу бюролорунун «Моссовет», «Дордой», «Шлагбаум» (Д. Сяопин жана Ю.Фучик атындагы көчөлөрүнүн кесилишинде) түйүндөрүндө алмашуу курсун аныктоо иши макулдашылат;

- алмашуу бюролору алмашуу курсуна таасирин тийгизүү мүмкүнчүлүгүнө ээ;

- алмашуу бюролору коммерциялык банктардын валютаны сатуу жана сатып алуу жагында ыйгарым укуктуу өкүлдөрү катары иш алып барышат;

- алмашуу бюролорун тандоодо экономикалык агенттер операциялардын жашыруун ишке ашырылышына кызыкдар.

Эксперттерден алынган интервьюга ылайык, көпчүлүк алмашуу бюролору өз отчетторунда маалыматтын 10-20 пайызын гана чагылдыраары белгиленген. Алмашуу бюролорунун кызматкерлери бул изилдөө ишинде катышуудан баш тартышкандыктан, анкета жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болгон жок. Ушундан улам, альтернативалуу – эксперттик жана сарптоолорду аныктоо ыкмалары пайдаланылган. Эксперттик ыкмадан алынган натыйжалар объективдүү эмес болуп чыккан жана алардын пайдаланылышы жетекчилик тарабынан туура эмес чечимдердин кабыл алынышына алып келет. Атап айтканда, кошумча эсептөөлөр 2013 жана 2014-жылдар ичинде алмашуу бюролорунун жүгүртүүсү тышкы соода жүгүртүү көлөмүнө барабар же андан жогору экендигин көрсөткөн. Бул, өз кезегинде, алмашуу бюролорунун мындай жүгүртүүнү топтоштуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигине шек жаратат. Ошентип, биз сарптоолорду аныктоо ыкмасын пайдаланууга өттүк, анын жыйынтыктары Улуттук банктын алмашуу бюролорунун ишине тиешелүү маселелер боюнча позициясын негиздөө үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

## САРПТООЛОРДУ АНЫКТОО ЫКМАСЫ

Сарптоолорду аныктоо ыкмасына ылайык Бишкек шаарында ишкердикти жүргүзүү үчүн ай сайын талап кылынуучу төмөнкүдөй болжолдуу сарптоолор аныкталып, эсептелинген (1-таблица)[9]:

- патент сатып алууга, анын наркы алмашуу бюросу жайгашкан жерге жараша болот;

- алмашуу бюросун жайгаштыруу үчүн ижарага жай алууга (мында альтернативалуу чыгымдар эске алынган);

- алмашуу бюросунун кызматкерлеринин эмгегине төлөө үчүн (болжолу менен алганда алмашуу бюросунда кеминде 2 кызматкер иштейт);

- турак жай коммуналдык чарба кызматтары (электр энергиясы, суу менен камсыздоо, агынды ж.б.) жана башка чыгашалар үчүн төлөөгө.

[8] Талас областынын өкүлдөрү «Моссоветте» жана «Дордой» соода-базар комплексинде, Нарын областынын өкүлдөрү – «Дордой» соода-базар комплексинде алмашуу операцияларын, ошондой эле Ош областынын өкүлдөрү – нак орус рублин сунуштоо операцияларын ишке ашырышкан.

[9] Патент баасы жана ижара төлөмү алмашуу бюросунун жайгашкан ордуна жараша белгиленет.

***1-таблица.***

Бир алмашуу бюросун күтүүгө чыгашалар, сом менен

| № п/п | Чыгашалар | |
|---|---|---|
| 1 | Патент | |
| | Борбор 1: Л.Толстой көчөсү-Эркиндик бул.-М. Фрунзе-С.Ибраимов көчөлөрү | 15 000 |
| | Борбор 2: К.Скрябин көчөсү-Ала-Арча суусу-К.Минин-Н.Исанов көчөлөрү-Жибек-Жолу пр.-А.Суюмбаев көчөсү-темир жолу-Т.Ж.-Пудовкин көчөсү | 12 000 |
| | Периферия 1: И.Ахунбаев-Ш.Руставели-Ж.Турусбеков-М.Куренкеев көчөлөрү-Аламүдүн б.-«Дордой» соода-базар комплекси | 10 000 |
| | Периферия 2: «Манас» аэропортун кошо алганда, шаардын башка райондору. | 6 000 |
| 2 | Алмашуу бюросун жайгаштыруу үчүн ижарага жай алуу | |
| | «Дордой» | 12 000-24 000 |
| | «Моссовет» | 90 000 жогору |
| | Шаардын башка райондору | 12 000-30 000 |
| 3 | Бир кызматкердин эмгегине төлөө | 20 000 |
| 4 | Турак жай коммуналдык чарба кызматтары үчүн төлөө жана башка чыгашалар | 5 000 |

*Булагы: Мамлекеттик салык кызматынан алынган маалыматтар боюнча авторлордун өздүк эсептөөлөрү, интервьюнун жыйынтыгы.*

Алмашуу бюросу жайгашкан төрт райондун ар бири үчүн аны күтүүгө минималдуу чыгашалар аныкталган (2-таблица):

***2-таблица.***

Бишкек шаарынын райондорунда жайгашкан алмашуу бюролорун күтүүгө чыгашалар

| № п/п | Чыгашалар | Райондор | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Борбор 1 | Борбор 2 | Периферия 1 | Периферия 2 |
| 1 | Патент | 15 000 | 12 000 | 10 000 | 6 000 |
| 2 | Алмашуу бюросун жайгаштыруу үчүн ижарага жай алуу | 90 000 | 12 000 | 12 000 | 12 000 |
| 3 | Кызматкерлердин эмгегине төлөө | 40 000 | 40 000 | 40 000 | 40 000 |
| 4 | Турак жай коммуналдык чарба кызматтары үчүн төлөө жана башка чыгашалар | 5 000 | 5 000 | 5 000 | 3 000 |
| 5 | Жыйынтыгында | 150 000 | 69 000 | 67 000 | 61 000 |

*Булагы: Мамлекеттик салык кызматынан алынган маалыматтар боюнча авторлордун өздүк эсептөөлөрү, интервьюнун жыйынтыгы*

Мындан ары төрт райондо жайгашкан ар бир алмашуу бюросунун маржа жана сатылган валюта көлөмүнөн (отчеттук маалыматтар боюнча) турган киреше эсептелген. Бардык райондорго жана мезгилдерге карата эксперттердин баа берүү маалыматтарынын негизинде аныкталган бирдиктүү минималдуу маржа өлчөмү кабыл алынган (3-таблица). Маржанын максималдуу өлчөмү эсептөөлөрдө пайдаланылган эмес, анткени ал, курстун кескин өзгөрүүсүнө, түн ичинде сатуу сыяктуу валюта рыногундагы жагдайга жараша түптөлөт.

Алмашуу бюролору тарабынан сунушталган отчеттук маалыматтарга талдап-иликтөөлөрдөн, 2013 жана 2014-жылдар ичинде бир катар алмашуу бюролору узак убакыт

бою чыгымга дуушар болуу менен иш алып баргандыгы аныкталган. Алардын кирешеси алмашуу бюросун күтүүгө кеткен чыгашалардын ордун жаба алган эмес (1-тиркеме). Бул мезгил аралыгы ичинде орточо алганда төмөнкү алмашуу бюролору чыгымга дуушар болгон:

- «Борбор 1» 78 алмашуу бюросунун ичинен – тиешелүүлүгүнө жараша 12 жана 32 алмашуу бюросу;
- «Борбор 2» 18 алмашуу бюросунун ичинен – тиешелүүлүгүнө жараша 5 жана 9 алмашуу бюросу;
- «Периферия 1» 36 алмашуу бюросунун ичинен – тиешелүүлүгүнө жараша 7 жана 12 алмашуу бюросу;
- «Периферия 2» 111 алмашуу бюросунун ичинен – тиешелүүлүгүнө жараша 18 жана 43 алмашуу бюросу.

***3-таблица.***

Бишкек шаарынын алмашуу бюролорунда валютаны алмаштырууда белгиленген минималдуу маржа өлчөмү

| № п/п | Валютанын аталышы | Маржа өлчөмү, сом менен |
|---|---|---|
| 1 | АКШ доллары | 0,08 |
| 2 | Орус рубли | 0,02 |
| 3 | Казак теңгеси | 0,02 |
| 4 | Евро | 0,20 |

*Булагы: Алмашуу бюролорунун, Улуттук банктын жана коммерциялык банктардын кызматкерлерин сурамжылоодон алынган маалыматтардын негизинде*

Алмашуу бюролорунда валюта сатуу көлөмүнүн артышы жана Улуттук банктын текшерүүлөрүнүн санынын көбөйүшү шартында, адаттагыдан башкача төмөнкүдөй жыйынтыктар алынгандыгы байкалган: шарттуу чыгымга дуушар болгон алмашуу бюролорунун саны кыйла өскөн (1,6-2,8 эсеге). Ошентип, биздин көз караштa, Улуттук банктын алмашуу бюролорунун так маалыматтарды сунуштоо ишине жүзөгө ашырып жаткан текшерүүлөрү күтүлгөндөй натыйжа бербей келет.

2014-жылы төмөнкүлөр менен камсыздалган алмашуу операцияларынын олуттуу өсүшү байкалган (4-таблица):

- экономикалык агенттер тарабынан суроо-талап жана сунуш;
- валюта рыногундагы курстук өзгөрүүлөр;
- экономикалык агенттердин толкунданыуулары;
- Улуттук банктын алмашуу бюролорунун ишине текшерүүлөрдү күчөтүүсү[10].

Чет өлкө валютасын сатуу көлөмүнүн кескин өсүп кетишин такташтыруу үчүн (өсүш арымы 200,0 пайыз жана андан жогору) алмашуу бюролорунун отчетторуна талдап-иликтөөлөр жүргүзүлгөн. Негизинен, чет өлкө валютасын сатуу көлөмү бардык алмашуу бюролорунун ишинин жана текшерүүлөрдүн санынын өсүшүнөн улам жогорулаган катары болжолдонгон эле. Бирок, 2014-жыл ичинде чет өлкө валютасын сатуу көлөмүнүн жогорулашы негизинен 18 алмашуу бюросу тарабынан камсыздалгандыгы аныкталган.

18 алмашуу бюросунун валюта сатуу көлөмүнүн кескин өсүшү факторун текшилөө жана олуттуу өзгөрүүлөргө жол берүүсүз сатуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында, маанилерди алмаштыруу ыкмасы пайдаланылган. Мында эсептөөлөрдө,

[10] 2013 жана 2014-жылдар ичинде республика боюнча тиешелүүлүгүнө жараша 400 жана 1 280 алмашуу бюролорунун ишине текшерүү ишке ашырылган.

2014-жыл ичиндеги экстремалдык маанилерди 2013-жылдагы ушундай эле маанилерге алмаштырууда чет өлкө валютасын сатуу көлөмүнүн жана өсүш арымынын он эсеге төмөндөгөндүгү каталган[11] (4-таблица).

***4-таблица.***

Бишкек шаарынын алмашуу бюролорунда чет өлкө валютасын сатуу маанилерин салыштыруу

| № п/п | Атылышы | 2013 айкын | 2014 айкын | Өзгөрүүлөр, пайыз түрүндө | 2014 маанилерди алмаштыруу | Өзгөрүүлөр, пайыз түрүндө |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Борбор 1 | | | |
| 1 | Доллар | 184 889 946 | 516 697 864 | 279,5 | 217 583 332 | 117,7 |
| 2 | Орус рубли | 1 342 910 356 | 10 374 391 905 | 772,5 | 1 573 126 381 | 117,1 |
| 3 | Тенге | 2 880 948 333 | 9 826 981 895 | 341,1 | 3 674 444 570 | 127,5 |
| 4 | Евро | 22 118 955 | 25 505 411 | 115,3 | 20 310 570 | 91,8 |
| | | | Борбор 2 | | | |
| 1 | Доллар | 12 779 763 | 441 232 662 | 3 452,6 | 13 465 985 | 105,4 |
| 2 | Орус рубли | 100 884 494 | 16 253 716 139 | 16 111,2 | 104 339 799 | 103,4 |
| 3 | Тенге | 254 669 926 | 325 587 469 | 127,8 | 309 990 669 | 121,7 |
| 4 | Евро | 1 674 093 | 8 678 810 | 518,4 | 1 537 996 | 91,9 |
| | | | Периферия 1 | | | |
| 1 | Доллар | 20 109 631 | 309 192 498 | 1 537,5 | 34 654 169 | 172,3 |
| 2 | Орус рубли | 567 549 501 | 1 185 806 093 | 208,9 | 1 163 980 493 | 205,1 |
| 3 | Тенге | 1 254 975 292 | 43 142 860 163 | 3 437,7 | 1 543 273 846 | 123,0 |
| 4 | Евро | 2 469 080 | 2 421 477 | 98,1 | 2 391 432 | 96,9 |
| | | | Периферия 2 | | | |
| 1 | Доллар | 68 843 343 | 210 023 610 | 305,1 | 88 628 638 | 128,7 |
| 2 | Орус рубли | 678 803 993 | 3 172 773 073 | 467,4 | 873 428 183 | 128,7 |
| 3 | Тенге | 2 845 651 270 | 7 833 659 664 | 275,3 | 4 251 433 821 | 149,4 |
| 4 | Евро | 2 856 448 | 4 566 367 | 159,9 | 3 091 267 | 108,2 |

*Булагы: Авторлордун Улуттук банктын маалыматынын негизинде өздүк эсептөөлөрү*

Биздин пикирибиз боюнча, алынган жыйынтыктар лицензияланган алмашуу бюролору валюта сатуунун айкын көлөмүн жаап-жашыргандыгы гипотезасын тастыктоодо, бул төмөнкүлөрдөн көрүнөт:

- бир катар алмашуу бюросун күтүүгө болжолдонгон чыгашалар киреше көлөмүнөн арткан;
- чыгым тарткандыгына карабастан, алмашуу бюролору кароого алынган мезгил аралыгында финансылык жана операциялык ишкердикти жүргүзүүнү улантышкан.

## ТЫЯНАКТАР

Финансы-кредит мекемелер түйүнү жок учурда эле рыноктук мамилелер пайда болгон учурдан тартып республикада ортомчу институт катары алмашуу бюролору нак чет өлкө валютасынын эркин жүгүртүлүшүнө өбөлгө түзгөн. Алмашуу бюролорунун ишкердикти жүргүзүүсүнөн улам товардык-акча операциялары күч алып, финансы-кредит мекемелери арасында атаандаштык пайда болуп, нак чет өлкө валютасын сунуштоо жогорулаган.

[11] Экстремалдуу маани катары чет өлкө валютасын 200 жана андан жогору пайызга сатуу көлөмүнүн өсүшү алынган.

Тажрыйбадан көрүнгөндөй эле, бүгүнкү күндө алмашуу бюролорунун иши ачык айкындуу эмес жана экономикалык жактан да натыйжа бербей келет. Биринчиден, Улуттук банк текшерүүлөрдү жүргүзүү ишин күчөткөндүгүнө карабастан, шарттуу чыгым тарткан алмашуу бюролорунун саны өскөн. Бул, нак валютаны жүгүртүүнүн айкын көлөмүн көрсөтүүгө ниеттенбегендик сыяктуу. Экинчиден, 2014-жылы ичинде алмашуу бюролорунун жүгүртүүсү 97 млрд сом өлчөмүндө катталган шартта, алардын Улуттук банкка жана Мамлекеттик салык кызматына сунуштаган салыктык төлөөлөрү боюнча маалыматына ылайык, тиешелүүлүгүнө жараша 36,6 млн сомду жана 24,4 млн сомду түзгөн. Үчүнчүдөн, бүгүнкү күндө алмашуу бюролорунун иши башка ыкмада уюштурулууга тийиш. Мисалы, алмашуу бюролорун Банктар аралык процессинг борбору[12] системасына кошуу менен валюта алмаштырууну, төлөмдөрдү кабыл алууну, акча которууну жана башка ишти жүзөгө ашырган адистештирилген төлөм уюмдарын түзүү вариантын караштырууга болот.

Алгач бул ишти аткарууда, лицензияланган алмашуу бюролорунун көмүскө жүгүртүү көлөмүн эсептөө методологиясын аныктоо жана иштеп чыгуу милдети алдыга коюлган. Маалыматтан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан улам жана так эмес маалыматтар сунушталгандыктан, сандык-сапаттык изилдөө ыкмасы колдонулган эмес. Ушундан улам, проблеманы изилдөөдө оптималдуу катары сарптоолорду аныктоо ыкмасын пайдалануу аркылуу гипотезаны тастыктоо же четке кагуу чечими кабыл алынган.

Алсак, сарптоолорду аныктоо ыкмасынын жыйынтыктары аныкталган гипотезаны – алмашуу бюролору чет өлкө валютасын сатуунун айкын көлөмүн жаап-жашыргандыгын тастыктаган. Мисалы, чыгым тартуу менен иш алып барган алмашуу бюролорунун өз ишкердигин улантуусу.

2014-жылы чет өлкө валютасын сатуу көлөмүнүн артышы негизинен 18 алмашуу бюросу тарабынан камсыздалган. Мында, рынокто валюта операциялары жигердүүлүк менен ишке ашырылып жаткан шартта, 2014-жылы ичинде шарттуу чыгым тарткан алмашуу бюролорунун саны 1,6-2,8 эсеге өскөн.

Мурдагыдай эле, учурда Экономикалык изилдөөлөр борбору релеванттык методологияны табуу жагында жигердүү иш алып барууда, ал алдыга коюлган суроого жооп табууга жана лицензияланган алмашуу бюролорунда көмүскө акча жүгүртүү көлөмүн эсептөөгө мүмкүндүк берет.

## СУНУШ-КӨРСӨТМӨЛӨР

1. Алмашуу бюролорунун финансылык иши ачык-айкындуу жана так жүргүзүлүшү максатында жана текшерүү жол-жобосун өркүндөтүү үчүн алмашуу бюролорунун өкүлдөрүн ишке тартуу.
2. Алмашуу бюролорунун ишине 2-3 жыл ичинде 1 жолу текшерүү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу.
3. Нак чет өлкө валютасын алмаштыруу операциясын республиканын төлөм уюмдарына өткөрүп берүү жөнүндө ченемдик укуктук актылар долбоорун талкууга коюу.

---

[12] Мисалы, Германияда валюта алмаштырууну жүзөгө ашырган Reisebank AG банкы бар. Негизинен, бул банк аэропорт жана вокзалдарда жүздөн ашуун алмашуу бюросуна жана болжолу менен 150 алмашуу аппаратына ээ ири алмаштыруу конторасы болуп саналат.

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕГИ**


1. Гурков А. Монеталар, банкноттор жана жалпы валюта жөнүндө. [Электрондук ресурс] / Андрей Гурков // DW. – 2006 – 15 ноябрь. – Пайдалануу режими: http://www.dw.com/ru/о-монетах-банкнотах-и-вообще-о-валютах/a-2240268 (кайрылуу күнү: 03.07.2015).

2. Ибрагимова Ш., Касымбеков К., Байматова Г., Бердигулова А. Расмий статистикада камтылбаган чек ара жанында соода жүргүзүүгө жана товарлар реэкспортуна талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү жыйынтыктары // Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын илимий эмгектер жыйнагы. – Б., 2012. – С. 16-20.
URL: http://www.int.nbkr.kg/DOC/13062012/000000000016215.pdf (кайрылуу күнү: 29.11.2014).

3. Байкоого алынбаган экономика көлөмүнө баа берүү боюнча методологиялык жобо. КР УСК, – Б., 2009. 14 с.

4. Р.Хасанов, Т. Койчуманов, К. Умурзаков, Н. Джаманкулов, А. Красников, Е. Мокроусова, П. Котулёва. Кыргыз Республикасында көмүскө экономикага талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүү. – Б., 2012. 93 с.

5. Cagan P. The demand for currency relative to total money supply //The Demand for Currency Relative to Total Money Supply. – NBER, 1958. – С. 1-37.

6. Dornbusch R. et al. The black market for dollars in Brazil //The Quarterly Journal of Economics. – 1983. – С. 25-40.

7. Grosse R. Jamaica's foreign exchange black market //The Journal of Development Studies. – 1994. – Т. 31. – №. 1. – С. 17-43.

8. Jianping D. China's foreign exchange black market and exchange flight: analysis of exchange rate policy //The Developing Economies. – 1998. – Т. 36. – №. 1. – С. 42-44.

9. Tanzi V. The Underground Economy in the United States: Annual Estimates, 1930-80) //Staff Papers-International Monetary Fund. – 1983. – С. 283-305.

**ТИРКЕМЕ**

Бишкек шаарынын алмашуу бюролорунун иш натыйжалуулугуна баа берүү

| № п/п | Алмашуу бюролору | 2013 | | | | | | | | | | | | 2014 | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Борбор 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | янв. | фев. | март | апр. | май | июнь | июль | авг. | сен. | окт. | нояб. | дек. | янв. | фев. | март | апр. | май | июнь | июль | авг. | сен. | окт. | нояб. | дек. |
| 1 | Пайда алуу менен иштеген | 36 | 42 | 38 | 39 | 39 | 38 | 41 | 37 | 37 | 38 | 37 | 42 | 17 | 15 | 13 | 15 | 13 | 12 | 20 | 20 | 21 | 25 | 18 | 19 |
| 2 | Чыгашалуу | 15 | 8 | 14 | 13 | 13 | 13 | 10 | 13 | 13 | 12 | 12 | 6 | 32 | 35 | 39 | 33 | 31 | 36 | 27 | 28 | 28 | 24 | 36 | 33 |
| 3 | Иш натыйжасы нөл | 27 | 28 | 26 | 26 | 26 | 27 | 27 | 28 | 28 | 28 | 29 | 30 | 29 | 28 | 26 | 30 | 34 | 30 | 31 | 30 | 29 | 29 | 24 | 26 |
| 4 | Бардыгы болуп | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 | 78 |
| 5 | Чыгашалуу, пайыздар | 29 | 16 | 27 | 25 | 25 | 25 | 20 | 26 | 26 | 24 | 24 | 13 | 65 | 70 | 75 | 69 | 70 | 75 | 57 | 58 | 57 | 49 | 67 | 63 |
| | | Борбор 2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Пайда алуу менен иштеген | 5 | 8 | 5 | 8 | 5 | 7 | 6 | 6 | 5 | 8 | 9 | 7 | 2 | 2 | 1 | 3 | 1 | 1 | 4 | 3 | 4 | 3 | 2 | 2 |
| 2 | Чыгашалуу | 7 | 4 | 5 | 3 | 6 | 5 | 6 | 5 | 6 | 3 | 2 | 3 | 9 | 9 | 10 | 10 | 11 | 10 | 7 | 8 | 7 | 8 | 10 | 9 |
| 3 | Иш натыйжасы нөл | 6 | 6 | 8 | 7 | 7 | 6 | 6 | 7 | 7 | 7 | 7 | 8 | 7 | 7 | 7 | 5 | 6 | 7 | 7 | 7 | 7 | 7 | 6 | 7 |
| 4 | Бардыгы болуп | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 |
| 5 | Чыгашалуу, пайыздар | 58 | 33 | 50 | 27 | 55 | 42 | 50 | 45 | 55 | 27 | 18 | 30 | 82 | 82 | 91 | 77 | 92 | 91 | 64 | 73 | 64 | 73 | 83 | 82 |
| | | Периферия 1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Пайда алуу менен иштеген | 16 | 18 | 17 | 20 | 19 | 21 | 19 | 18 | 19 | 19 | 20 | 21 | 15 | 11 | 13 | 17 | 12 | 11 | 18 | 18 | 20 | 22 | 18 | 20 |
| 2 | Чыгашалуу | 7 | 5 | 7 | 7 | 10 | 6 | 6 | 6 | 7 | 7 | 8 | 7 | 11 | 16 | 16 | 13 | 16 | 17 | 10 | 11 | 9 | 7 | 11 | 10 |
| 3 | Иш натыйжасы нөл | 13 | 13 | 12 | 9 | 7 | 9 | 11 | 12 | 10 | 10 | 8 | 8 | 10 | 9 | 7 | 6 | 8 | 8 | 8 | 7 | 7 | 7 | 7 | 6 |
| 4 | Бардыгы | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 | 36 |

| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | болуп | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5 | Чыгашалуу, пайыздар | 30 | 22 | 29 | 26 | 34 | 22 | 24 | 25 | 27 | 27 | 29 | 25 | 42 | 59 | 55 | 43 | 57 | 61 | 36 | 38 | 31 | 24 | 38 | 33 |
| | | | | | | | | | | | | | Периферия 2 | | | | | | | | | | | | |
| 1 | Пайда алуу менен иштеген | 44 | 53 | 52 | 55 | 57 | 59 | 58 | 56 | 54 | 61 | 61 | 58 | 36 | 26 | 25 | 31 | 23 | 22 | 45 | 44 | 43 | 44 | 32 | 41 |
| 2 | Чыгашалуу | 21 | 15 | 19 | 18 | 18 | 15 | 17 | 19 | 22 | 16 | 16 | 19 | 41 | 50 | 51 | 46 | 51 | 55 | 30 | 33 | 37 | 35 | 49 | 42 |
| 3 | Иш натыйжасы нөл | 46 | 43 | 40 | 38 | 36 | 37 | 36 | 36 | 35 | 34 | 34 | 34 | 34 | 35 | 35 | 34 | 37 | 34 | 36 | 34 | 31 | 32 | 30 | 28 |
| 4 | Бардыгы болуп | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 | 111 |
| 5 | Чыгашалуу, пайыздар | 32 | 22 | 27 | 25 | 24 | 20 | 23 | 25 | 29 | 21 | 21 | 25 | 53 | 66 | 67 | 60 | 69 | 71 | 40 | 43 | 46 | 44 | 60 | 51 |